# БАНКТЫК ЖЕКЕ СЕЙФТЕРДЕ БААЛУУЛУКТАРДЫ САКТОО КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮШӨ АЙКЫН ОФЕРТА

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул айкын оферта (мындан ары – «Оферта») Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык айкын болуп саналат жана «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» жабык акционердик коомунун (мындан ары – «Банк») бардык укукка жөндөмдүү жана аракетке жөндөмдүү жеке жактардын, юридикалык жактардын (мындан ары – Кардар) дарегине Банк менен Банктык жеке сейфтерде баалуулуктарды сактоо келишимин (мындан ары – «Келишим») түзүүгө сунушу болуп саналат, анын шарттары төмөндө ушул Офертада камтылган.

1.2. Келишим Кардар Банктык жеке сейфте баалуулуктарды сактоого арыз-анкетага (мындан ары – «Арыз») кол койгон учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет, бул ушул Офертанын толук жана шартсыз акцептин жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык, ошондой эле Кардар юридикалык жактар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик актыларына ылайык Эсеп ачуу үчүн керектүү документтерди берген шартта Кардардын Келишимдин жана ага карата Тиркемелердин бардык шарттарын кабыл алганын билдирет.

1.3. Ушул Офертанын толук жана шартсыз ацептин билдирген арыз Келишим түзүүгө ушул Офертанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.4. Келишим түзүү үчүн Кардар Банкка тиешелүү Арызды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык аны идентификациялоо үчүн керектүү документтерди бериши керек. Эгерде Кардардын, анын ишенимдүү жактарынын, бенефициардык менчик ээсинин (пайда алуучунун) операциялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шектүү операциялардын белгилерине туура келсе, Банк терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында алардын операцияларына мониторинг жүргүзүү үчүн Банкка керектүү документтерди жана маалыматтарды берүүнү бул адамдардан талап кылууга укуктуу. Кардар 3төн 10 күнгө чейинки мөөнөттө Банкка сураган документтерди/маалыматтарды берүүгө жана идентификациялоо үчүн мурда берилген маалыматтардын жана документтердин өзгөрүүлөрү жөнүндө Банкка жазуу жүзүндө билдирүүгө тийиш.

1.5. Кардар документтердин толук пакетин бербесе же аларда Кардарды жана анын ишенимдүү адамдарын (алар болгондо) идентификациялоо жана верификациялоо мүмкүнчүлүгүн бербеген ишенимдүү эмес маалыматтар камтылса, ошондой эле компетенттүү органдардан алардын террористтик же экстремисттик ишке, терроризмди же экстремизмди каржылоого жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышы бар экендиги жөнүндө маалымат алынса, Банк Кардарга Сейфти берүүдөн баш тартууга укуктуу.

1.6. Ушул Оферта аны күчүн жоготту деп тааныган же жаңы офертаны жарыялаган учурга чейин күчүндө болот.

## 2. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

2.1. Келишим Банк тарабынан Кардарга баалуулуктарды сактоо үчүн убактылуу пайдаланууга банктык жеке сейфтерди берүү тартибин жана шарттарын аныктайт, Банк менен Кардарлардын (мындан ары – «Тараптар») ортосунда келип чыккан мамилелерди жөнгө салат.

2.2. Кардар ушул Келишимдин шарттарын, анын ичинде анын ажырагыс бөлүгү болуп саналган бардык тиркемелерди кабыл алат жана алар менен макул болот жана Сейфти ушул Келишимдин шарттарына ылайык пайдаланууга жана Банкка Арызда көрсөтүлгөн тартипте жана өлчөмдө акы төлөп берүүгө милдеттенет.

2.3. Сейф Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен сактоого тыюу салынбаган жана/же жарандык жүгүртүүдөн алынбаган баалуулуктарды (мындан ары текст боюнча – «Салынган буюм» же «баалуулуктар)» сактоо үчүн гана арналган. Сейфти төмөндөгү буюмдарды сактоо үчүн колдонууга тыюу салынат:

2.3.1. Оңой тутануучу, уулуу, радиоактивдүү жана адамдын организмине жана айлана чөйрөгө терс таасирин тийгизе турган башка заттар, тамак-аш азыктары жана бузулуп кетүүчү жана мителерди чакыруучу башка буюмдар.

2.3.2. Ок атылуучу куралдардын бардык түрлөрү жана алардын ок-дарылары, атылбас куралдар, жарылуучу заттар (жардыруу түзүлүштөрү), анын ичинде массалык талкалоого пайдаланыла турган илимий-техникалык технологиялар жана жабдуулар.

2.3.3. Баңги жана психотроптук заттар, ошондой эле аларды колдонуу үчүн буюмдар.

2.3.4. Күчтүү таасир этүүчү уулар жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык пайдалануудан алынып салынган же мамлекеттик чек ара аркылуу чыгарууга/киргизүүгө тыюу салынган башка буюмдар.

2.4. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кардардын Сейфте салынган буюмдарынын коопсуз сакталышы үчүн шарттарды камсыздайт.

## 3. СЕЙФТИ БЕРҮҮ ЖАНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ТАРТИБИ

3.1. Сейф Кардарга Келишимди түзгөндөн кийин Кардардын Арызында аныкталган, бирок 1 (бир) айдан кем эмес мөөнөткө баалуулуктарды сактоо үчүн жеке пайдаланууга берилет. Эгерде пайдалануунун акыркы күнү жумуш эмес күнгө туш келсе, анда көрсөтүлгөн мөөнөттүн аяктоо күнү болуп кийинки жумуш күнү эсептелет.

3.2. Кардардын баалуулуктарды сактоо үчүн Сейфти пайдалануу боюнча өз укуктарын башка жактарга берүүгө укугу жок.

3.3. Кардардын Арызында аныкталган тартипке ылайык, Кардардын тандоосу боюнча гана Сейфти чогуу пайдаланууга жол берилет.

3.4. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана банктын ички ченемдик документтеринде каралган тартипте төмөнкү учурларда Кардарлардын жана алардын өкүлдөрүнүн сейфти пайдалануу мүмкүнчүлүгүн токтото турууга укуктуу:

(i) Сейфти жана салынган буюмдарды пайдалануу боюнча өз укуктарына байланыштуу Кардарлардын ортосунда пикир келишпестиктер жаралып, ушуга байланыштуу Кардарлардын бири Кыргыз Республикасынын тиешелүү компетенттүү органына кайрылган учурда ал тиешелүү чечим кабыл алганга чейин;

(ii) эгерде үчүнчү жак башка Кардарга каршы юридикалык аракет жасаса жана буга байланыштуу Банкка Кардарлардын Сейфти пайдалануу (ээлик кылуу, тескөө) укугуна байланыштуу ар кандай чектөөлөр жөнүндө ыйгарым укуктуу жактар тарабынан кабардар кылынса.

3.5. Эгерде Банк Сейф боюнча ар кандай операцияга байланыштуу Кардарлардын бирине билдирүү жөнөтсө, бардык калган Кардарлар бул тууралуу кабарланды деп эсептелет. Кардарлар ар бир Кардар билдирүүнү алганда бардык калгандарын өкүлдөй турганына жана өзүнчө ар бир Кардарга билдирүү жөнөтүүнүн зарылчылыгы жоктугуна жана Кардардардын бирине документтерди жөнөтүү жетиштүү экенине макул. Кардарлардын ар бири билдирүүлөрдү, бардык операцияларга, бүтүмдөргө тиешелүү байланыштарды жана кепилдиктерди кабыл алууда жана салынган буюмдарды тескөө боюнча укуктарды ишке

ашырууда жана Сейфти пайдаланууга байланыштуу калган Кардарларды кайтарымсыз өкүлдөйт.

3.6. Сейфти чогуу пайдаланган кардарлар ушул Келишим боюнча Банктын алдындагы карыздары же милдеттенмелери үчүн, бирок аны менен чектелбестен, ортоктош жоопкерчилик тартышат.

3.7. Эгерде Сейф бир нече Кардар тарабынан пайдаланылса, Кардарлардын биринин Сейфти жеке пайдалануудан улам келип чыгышы мүмкүн болгон ар кандай терс кесепеттер үчүн Банк жооп бербейт.

3.8. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таризделген жана нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним катты Банкка бергенде Кардардын Сейфин пайдалануу мүмкүндүгүнө ээ болгон өзүнүн өкүлү катары бирден ашык эмес адамды дайындай алат. Кардардан жана/же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнөн тышкары эч кимдин Сейф жайгашкан бөлмөгө кирүүгө жана/же Сейфти ачууга укугу жок. Банк үчүн ишеним кат ал берилген мөөнөттүн акырына чейин Кардар жана/же тиешелүү жак жана/же мамлекеттик же башка орган тарабынан Банкка жазуу жүзүндө кабардар кылынганга чейин жарактуу деп эсептелет. Банк адамдардын ишеним каттарынын күчүн мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Банкка өз убагында эмес жана/же талаптагыдай эмес билдирүүнүн кесепетинде келип чыккан зыян үчүн Кардардын жана/же үчүнчү жактардын алдында жоопкерчилик тартпайт.

3.9. Сейфти пайдалануу боюнча ушул Келишимдин тартиби жана шарттары Кардардын өкүлдөрү үчүн колдонулат жана милдеттүү.

3.10. Банктык сейфти пайдалануу үчүн төлөм боюнча Банктын алдында Кардардын карызы жок болгон шартта, Келишимдин мөөнөтү аяктаган же бузулган учурда Кардар Банкка ачкычты кайтарып берет, ал эми Банк Күрөө суммасын кайтарып берет. Мындай карыз болгондо Банк банктык сейфти пайдалануу үчүн төлөө боюнча карыздын суммасын кармап калуу менен, Кардарга Күрөөнүн суммасын кайтарып берет.

3.11. Эгерде Кардар Банкка ачкычтарды кайтарып бербесе, Күрөө Кардарга кайтарылбайт.

## 4. СЕЙФТИ ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

4.1. Сейфти пайдалануу үчүн Банк Кардарга кол койдуруу менен Сейфтин эки ачкычын берет. Сейфтин номери Арызда көрсөтүлгөн. Кардар ар бир пайдалангандан кийин Сейфтин кулпусунан ачкычты чыгарып алууга милдеттүү.

4.2. Кардарга жана/же Кардардын өкүлүнө Сейфтин ачкычын, паспортту же өздүгүн күбөлөндүргөн башка документти жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык таризделген ишеним катты (болгондо) көрсөткөндөн кийин гана Сейфке кирүү мүмкүндүгү берилет.

4.3. Банктын Кардары Сейфти пайдалануу максатында ар бир келгенде Банк Сейфти пайдаланууга байланыштуу бардык кыймылды, анын ичинде Кардардын кирүү жана чыгуу убактысын ар күндүк каттоо журналына жазат. Кардардын сейфти пайдалануу укугуна карточкага Кардар кол коюуга тийиш.

4.4. Банк Кардардын ачкычты жоготкону үчүн жана мунун кесепетинде Сейфке салынган буюмдун жоголушу же бузулушу үчүн жоопкерчилик тартпайт.

4.5. Ачкычты(тарды) жоготкон, уурдаткан же башка жоголгон учурда Кардар болгон окуя жөнүндө Банкка дароо жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Банк Кардар болгон окуя жөнүндө билдирбегендигинин жана/же өз убагында эмес билдиргендигинин кесепетинде Кардарга келтирилген бардык чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

4.6. Кардар муну менен Сейфтин ачкычынын жуп нускасын жасабоо жана аларды Кардардын өкүлдөрү болуп саналбаган үчүнчү жактарга бербөө жоопкерчилигин өзүнө алат.

4.7. Кардар ачкычты(тарды) жоготкон учурда, Банк Кардардын арызы боюнча жана анын катышуусунда Сейфтин кулпусун ачуу, андан ары оңдоо жана/же алмаштыруу боюнча бардык чыгымдарды Кардарга жүктөө менен, Сейфтин кулпусун бузуу аркылуу Сейфти

ачууну жүргүзөт. Сейфке, кулпуга же ачкычтарга байланыштуу бардык иштер Банк дайындаган адам тарабынан гана жүргүзүлөт.

4.8. Кардардын Сейфти башка жактарга пайдалануу үчүн берүүгө укугу жок.

4.9. Сейфте сакталган буюмдар сот актысынын негизинде камакка алынышы мүмкүн. Банкта сакталып турган буюмдар камакка алынганда буюмдарды жайгаштырууга байланыштуу бардык чыгаша операциялары дароо токтотулат.

4.10. Сейфте сакталып турган буюмдарга карата ачуу, тинтүү, кароо, алуу жана башка процесстик аракеттерди жүргүзүү сот актысынын негизинде гана козголгон кылмыш иштери боюнча тергөө органдары тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

4.11. Келишимдин 4.9-4.10-пункттарында көрсөтүлгөн иш-аракеттер мыйзамдарга жана Банктын ички документтерине ылайык Банктын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин катышуусунда жүргүзүлөт.

4.12. Кардар Арызда көрсөтүлгөн дареги анын юридикалык дареги болуп саналарына макул. Бул дарек боюнча жөнөтүлгөн Банктын бардык жазуу жүзүндөгү эскертүүлөрү жана билдирүүлөрү талаптагыдай берилди деп эсептелет. Кардар бардык өзгөрүүлөр, анын ичинде идентификациялык маалыматтарынын, station электрондук дарегинин, телефон жана факс номерлеринин, Сейфти тескөө боюнча ыйгарым укуктарга байланыштуу жеке курамдын жана кызмат адамдарынын (юридикалык жактар үчүн) реквизиттеринин өзгөргөндүгү тууралуу Банкка эки жумуш күнүнөн кеч эмес билдирүүгө милдеттенет. Биринчи же экинчи кол тамга укугун пайдаланган жаңы адамдарды дайындаган, ошондой эле мөөрү өзгөртүлгөн учурда Кардар 1 (бир) операциялык күн ичинде бул тууралуу Банкка жазуу жүзүндө билдирүүгө жана жаңы адамдарга карата керектүү документтер пакетин, анын ичинде кол тамга үлгүлөрү жана мөөр бар банк карточкасын берүүгө милдеттенет. Кардар ушул пунктта көрсөтүлгөн өзгөрүүлөр жөнүндө Банкка билдирбегени, ага тете өз убагында эмес билдиргени үчүн бардык жоопкерчиликти өзүнө алат.

4.13. Кардар Арызга кол койгонго чейин Келишимдин тилин тандоо укугу жөнүндө маалымат алганын ырастайт.

4.14. Банк ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген кардарларга сейфти берүүдө алар менен өз ара иш алып баруу жана жардам көрсөтүү маселелерине, анын ичинде төмөндөгүлөргө тиешелүү маселелерге өзгөчө көңүл бурат:

- кардар менен баарлашуудагы этикет эрежелери;
- банк кызматкери жана кардар тейлөөнүн алкагында керектүү операцияларды жүргүзгөндө кардарды коштоо эрежелери;
- ыңгайлуу тейлөө үчүн жеткиликтүү чараларды колдонуу;
- эгерде кардар баарлашуунун башка жолун тандабаса, аны коштогон адам эмес, кардардын өзү менен баарлашуу;
- процессте стресс факторлорун минималдаштыруу жана кардарды тейлөөнүн банктык жол-жоболорун толук (кеңири) түшүндүрүү.

## 5. НАРКЫ ЖАНА ЭСЕПТЕШҮҮ ТАРТИБИ

5.1. Банктык жеке сейфти пайдалануу наркы Арызда аныкталат жана Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана жыйымдарды камтыйт.

5.2. Жеке банктык сейфти убактылуу пайдалануу үчүн төлөм Арызга кол койгон күнү Кардар тарабынан бүтүндөй сактоо мөөнөтүнө бир жолку төлөм менен алдын ала төлөнөт. Төлөмдүн суммасы ушул Келишимдин бардык колдонуу мөөнөтүнө карата эсептелет жана Кардардын Сейфти иш жүзүндө пайдалануусунан же пайдаланбаганынан көз каранды болбойт жана Келишим мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда Кардарга кайтарылбайт.

5.3. Кардар ушул Келишимдин 5.1-пунктунда каралган төлөмдү, Кардардын Сейфтин ачкычын жоготуусунун жана/же башка жок кылуусунун же бузуусунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон, Банктын демилгеси боюнча кулпуну оңдоо, ачуу жана/же алмаштыруу наркын төлөөнү, ошондой эле ушул Келишимде каралган башка төлөмдөрдү

төлөөнү камсыздоо (мындан ары текст боюнча – «Күрөө») катары Банкка 100 (жүз) АКШ доллары өлчөмүндө сумманы депонирлөөгө милдеттенет. Күрөө суммасына пайыздар чегерилбейт.

5.4. Эгерде Күрөө суммасы Сейфтин кулпусун, ачкычтарын ачуу жана алмаштыруу боюнча чыгымдарды жаппаса, Кардар көрсөтүлгөн чыгымдарды Банкка толук ордун толтурууга жана төлөмдөр боюнча бардык карызды ушул Келишимге ылайык алынып коюлган Салынган буюмдарды алганга чейин төлөөгө милдеттенет.

## 6. ЖООПКЕРЧИЛИК

6.1. Тараптар ушул Келишимдин шарттарын аткарбагандыгы жана талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоопкерчилик тартышат.

6.2. Банк Сейфке салынган буюмдардын саны жана сапаты боюнча материалдык жана/же башка жоопкерчилик тартпайт жана алардын баасы өзгөргөндүгүнөн же форс-мажор жагдайлардын кесепетинде жоготуудан улам бул наркы азайганда алардын наркын баалоону жүргүзбөйт.

6.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында сактоого тыюу салынган жана/же жарандык жүгүртүүдөн алынган буюмдарды Кардардын Банктын Сейфинде сактагандыгы үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

6.4. Табигый катастрофалар, суу ташкыны, жаратылыш кырсыктары, өрт, жер титирөө, согуш, аскердик аракеттер, массалык башаламандык же бийликтин иш-аракеттери түрүндө форс-мажор жагдайларынын, ошондой эле Банктын эркинен көз каранды болбогон башка окуялардын, ошондой эле Банктын көзөмөлүнөн тышкары турган жагдайлардын кесепетинде пайда болгон Кардарга келтирилген зыян үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

6.5. Кардар Келишимди колдонуу мезгилинде Сейфтин ачкычын(тарын) жоготкон, бузган жана/же башкача жок кылган учурда, Кардар Күрөө суммасын тийбестен, Сейфтин кулпусун оңдоо, ачуу жана/же алмаштыруу боюнча иштердин/кызматтардын наркын жеке акча каражаттарынан төлөөгө милдеттенет.

6.6. Ушул Келишим боюнча Кардардын Банктын алдында карызы пайда болгон учурда Банк ушул Келишим жана Арыз боюнча карызды толук төлөгөнгө чейин Кардардын Сейфке кирүү мүмкүндүгүнөн баш тартат.

6.7. Ушул Келишимде каралган төлөмдөр боюнча Кардардын Банктын алдында карызы пайда болгон учурда, Банк төлөмдөр боюнча карыз пайда болгон күндөн тартып бир ай өткөндөн кийин Кардар жок эле Сейфти ачуу (ачып көрүү) жана сактоого салынган буюмдарды атайын бөлүнгөн сейфке салуу мүмкүндүгү жөнүндө Кардарга жазуу жүзүндө билдирүү (буйрутма кат аркылуу жеткирүү жөнүндө билдирүү менен) жөнөтөт. Банк билдирүүнү жөнөткөн учурдан тартып бир ай өткөндөн кийин Кардар тарабынан карызды төлөөгө багытталган кандайдыр бир аракеттер жок болгон учурда, Банк Кардар жок Банкта каралган жол-жоболор боюнча жана Салынган буюмга мөөр басып, бузуу жолу менен Сейфти ачууга, аны атайын бөлүнгөн сейфте сактоого укуктуу. Сейфтин кулпусун, ачкычтарын бузуу жана алмаштыруу боюнча бардык чыгымдар Кардардын Күрөө суммасынан алынат.

6.8. Кардар ушул Келишимде каралган төлөмдөр боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган учурда, ошондой эле төлөмдөр боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн Кардарда алдын ала төлөө эсебинде акча каражаттары жетишсиз же жок болсо, Банк Сейф үчүн төлөмдүн суммасын андан ары кармап калуу үчүн Кардардын банктык эсептерин (болгондо) дебеттөөгө укуктуу. Тараптар ушул пунктту ушул Келишим боюнча суммаларды Банкта ачылган Кардардын банктык эсептеринен, Элсом электрондук капчыгынан акцептсиз алуу жөнүндө Кардардын буйруусу деп эсептөөнү макулдашты.

6.9. Банк Күрөөнүн суммасынан Банк кулпуну алмаштыруу жана/же оңдоо боюнча сарптаган сумманы акцептсиз тартипте кармап калууга укуктуу, ал эми Күрөө суммасы жетишсиз болгон учурда Кардар жетпеген сумманы Банктын кассасына нак түрдө салууга

милдеттүү. Мында Сейфтин жаңы ачкычтары (оңдолгон жана/же алмаштырылган) Арызда көрсөтүлгөн баштапкы деңгээлге чейин Күрөөнү толуктагандан кийин гана Кардарга берилет.

6.10. Банкта Кардарга таандык эсептер, Элсом электрондук капчыгы жок болгон же Кардардын эсептеринде Кардардын төлөмдөр боюнча карыздарын төлөө үчүн керектүү акча каражаттары жок/жетишсиз болгон учурда, Банк карызды өндүрүп алуу жол-жобосун баштоого укуктуу. Өндүрүп алуу боюнча бардык чыгымдарды Кардар төлөйт.

6.11. Кардар ачкычтарды өз убагында кайтарбаган жана/же төлөмдөрдүн мөөнөтүн өткөрүп жиберген учурдагы айып санкциялары Банктын белгиленген тарифине ылайык эсептелет.

6.12. Кардар ушул Келишимдин шарттарын талаптагыдай эмес аткарган учурларда Банк ушул Келишимди буза алат.

6.13. Эгерде Кардар ачкычтарды Банкка ушул Келишимди бузган күндөн тартып 15 күн ичинде кайтарып бербесе, Банк өзүнүн кароосу боюнча, ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган иш-аракеттерди аткарат.

6.14. Келишимди узартуу учурунда мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөр болгон учурда, мөөнөтү өтүп кеткен карыз ушул келишимдин 6.11-пунктуна ылайык Кардар тарабынан төлөнүүшү керек, андан кийин жаңы мөөнөткө алдын ала төлөнөт.

## 7. БАШКА ШАРТТАР

7.1. Ушул Келишимди аткарууда пайда болгон бардык талаштар жана пикир келишпестиктер мүмкүн болушунча Тараптар ортосундагы сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет.

7.2. Тараптар ушул Келишим менен пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү мүмкүн болбогон учурда, ушул Келишимден келип чыккан жана/же ага байланыштуу бардык талаштар, анын ичинде ушул Келишимди түзүүгө, бузууга, токтотууга же жараксыздыгына тиешелүү талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечиле турганын аныкташты.

7.3. Банк өзгөртүүлөрдү Банктын сайтында жарыялоо аркылуу Кардарга билдирүү менен, Айкын офертага, эрежелерге жана жол-жоболорго мезгил-мезгил менен өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

7.4. Банк өзүнүн кароосу боюнча, бирок жылына бир жолудан көп эмес Жеке пайдаланууга банктык сейфтерди берүү боюнча тарифтерге өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

7.5. Ушул Келишим Кардар ушул Офертанын толук жана шартсыз акцептин билдирген Арызга кол койгон жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык Кардар Келишимдин жана ага карата тиркемелердин бардык шарттарын кабыл алган учурдан тартып күчүнө кирет жана Тараптар Келишимдин милдеттенмелерин толук аткарганга чейин күчүндө болот.

7.6. Кардар Сейфтин ачкычын кайтарган жана толук көлөмдө акыны төлөгөн шартта, Банкка жазуу жүзүндө билдирүү менен, каалаган убакта ушул Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу. Алдын ала төлөнгөн төлөм кайтарылбайт, ошондой эле алдын ала төлөм бир кардардан башкасына өтпөйт.

7.7. Ушул Келишим Тараптар ортосунда өз ара эсептешүүлөр толук аяктагандан кийин бузулду деп эсептелет жана күчүн жоготот.

7.8. Кардар Сейфтеги баалуулуктардын сакталышын камсыздоо максатында сейф сактоочу жайда видеобайкоо жүргүзүү жөнүндө эскертилгенин жана бул видеобайкоого макулдугун ырастайт.

7.9. Кардар жоюлган учурда, Сейфтен баалуулуктарды берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт. Кардар кайра уюштурулган учурда Сейфтен баалуулуктарды берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык укук улантуучулукту тастыктаган документтердин негизинде укук улантуучу тарабынан жүргүзүлөт.

7.10. Кардар Келишимдин, ага карата Тиркемелердин бардык шарттары менен таанышканын жана аларда көрсөтүлгөн кызматтардын Банк тарабынан ага көрсөтүлүшүнө макулдугун тастыктайт.

7.11. Төмөндөгү Тиркемелер ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат:

1-тиркеме. Банктык жеке сейфте баалуулуктарды сактоого кардардын арыз-анкетасы *(Юридикалык жак)*

2-тиркеме. Банктык жеке сейфте баалуулуктарды сактоого кардардын арыз-анкетасы *(Жеке жак)*